## Улуттук банктын ноталары

*(2018-жылдын февраль айы)*

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк тарабынан 12,3 млрд сом суммасында (-12,1 пайыз) ноталар сунушталган. Аталган банктын ноталарына суроо-талаптын жалпы көлөмү 13,4 млрд сомду түзүү менен 14,1 пайызга төмөндөгөн. Улуттук банктын ноталарына карата суроо-талаптын орточо аукциондук[1] көлөмү ай ичинде 7,4 пайызга көбөйүү менен 3,3 млрд сомду түзгөн. Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн акча-кредит саясатынын алкагында ноталардын сатуу көлөмү 7, 28 жана 91 күндүк ноталар менен сунушталган, жайгаштыруунун жалпы суммасы 10,9 млрд сомду (ай ичинде -8,0 пайыз) түзгөн. Ошол эле мезгилде сатуунун орточо аукциондук көлөмү 2,7 млрд сомду (+20,1 пайыз) түзгөн.

Улуттук банктын ноталарынын орточо алынган кирешелүүлүгү кароого алынып жаткан мезгил ичинде 0,5 п.п., 2,6 пайызга чейин төмөндөгөн. Алсак, Улуттук банктын 7 күндүк ноталарынын орточо алынган кирешелүүлүгү 1,7 пайызды (-0,7 п.п.), 28 күндүк – 4,2 пайызды (-0,5 п.п.) жана 91 күндүк – 4,9 пайызды (-0,05 п.п.) түзгөн. Мөөнөттүүлүгү боюнча ноталардын кирешелүүлүгү эсептик чендин чегинин алкагында турган. Пайыздык чендин чеги өзгөрүүсүз калган: пайыздык чендин жогорку чеги (“овернайт” кредиттери боюнча чен) 6,25 пайыз деңгээлинде, төмөнкү чек (“овернайт” депозиттери боюнча чен) -0,25 пайыз деңгээлинде калыптанган.

Февраль айынын жыйынтыгында жүгүртүүдө ноталар көлөмү жыл башынан тартып 64,9 пайызга көбөйүү менен 8,6 млрд сомду түзгөн. 98,3 пайыз үлүшү менен коммерциялык банктар жана 1,7 пайыз үлүшү менен институционалдык инвесторлор Улуттук банктын ноталарынын негизги ээлик кылуучуларынан болуп саналган.

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




[1] Ай ичинде аукциондордун саны туруктуу болбогондуктан, бул көрсөткүч ай ичиндеги суроо-талаптын/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна колдонулат.

**2-график. Улуттук банктын ноталары боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүктүн динамикасы**




**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сатуунун динамикасы**




**1-таблица. Номиналдык нарк Улуттук банктын ноталарына ээлик кылуучулардын түзүмү**

*млн сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Ком. банктар | | Юридикалык жактар - резиденттер | | Жеке адамдар - резиденттер | | Институцион. инвесторлор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.03.2017 | 2 000,0 | 2 000,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.04.2017 | 4 280,0 | 4 280,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.05.2017 | 5 250,0 | 5 250,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.06.2017 | 4 325,0 | 4 325,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.07.2017 | 3 511,0 | 3 511,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.08.2017 | 3 555,0 | 3 555,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.09.2017 | 3 795,5 | 3 795,5 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.10.2017 | 6 290,5 | 6 279,1 | 99,8% | 11,4 | 0,2% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.11.2017 | 5 281,0 | 5 265,6 | 99,7% | 15,4 | 0,3% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.12.2017 | 3 748,3 | 3 727,1 | 99,4% | 21,2 | 0,6% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.01.2018 | 5 230,0 | 5 108,2 | 97,7% | 4,0 | 0,1% | 0,0 | 0,0% | 117,8 | 2,3% |
| 01.02.2018 | 6 587,0 | 6 587,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.03.2018 | 8 624,5 | 8 474,0 | 98,3% | 0,5 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 150,0 | 1,7% |